# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КОЙ БАГЫП ӨСТҮРҮҮДӨГҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**САРГАШКАЕВ Э.А.**
biblionsu@rambler.ru

Кыргызстандын түндүгүнүн табигый шарттары малды жыл бою жайытта кармоого мүмкүнчүлүк берген. Биздин замандын XX кылымынын жарымына чейин Теңир-Тоо койнунда көчмөндүк жана жарым көчмөндүк менен тиричилик кылган майда чарбалар басымдуулук кылган. Тоолуу жер жана анын климаттык шарттары талаада, бөксө жайлоо жана салкын төрлөрүндө жылдын мезгилине жараша өскөн өсүмдүктөрү малчылардын кылымдап калыптанган көчүп-конууларын шарттаган. Бул аймактарда да кошумча дыйканчылык жатакчылардын чарбалары дагы болгон. Бирок алар өз алдынча обочолонбой, көчмөндөр айылдарынан чарбачылыгынын ажырагыс бөлүгү бойдон кала берген. Жатакчылар малчылар менен дайыма чарбалык жана маданий тыгыз байланышта болушкан.

Совет дооруна чейин кыргыздарда кой өстүрүү багыты тарыхый шарттарга жараша өзгөрүп турган. Борбордук Азиянын көчмөндөрүнүн арасындагы тынымсыз феодалдык согуштарда бир эле элдин, урууларынын арасындагы чыр-чатактарда көчүп-конүүгө кыбыр мал катары кой-эчкиге анча маани берилген эмес. Тарыхый кырдаалдарга карабастан кыргыздар өздөрүнүн материалдык керектөөлөрүн камсыздоодогу эң негизги сырьё булагы жана күнүмдүк тамак-аш катары кой-эчкилерди багып өстүрүп келишкен. Ошону менен бирге көп кылымдык мал багуу тажрыйбаларынын негизинде кой-эчкини багуунун өзгөчөлүктөрүнүн, аларда кездеше турган ылаңдарды аныктап дарылоонун ыкмаларын өздөштүрүп, мал культуна байланышкан ырым-жырымдарды жаратып келишкен.

Кыргыздардын түндүгүн байыркы мезгилдерден бери байырлап жашап келген көчмөн элдер Андрон маданиятынын мезгилдеринен бери эле төрт түлүк малдан, жылкы, уй, топоз, төө жана кой-эчки багып келишкендигин тарыхый изилдөөлөрдөн билебиз. Кошой-Коргон, Таш-Рабат, Шырдакбектин күмбөзү, Кочкор, Ысык-Көлдөгү археологиялык изилдөөлөр, ошондой эле 2012-жылдагы жүргүзүлгөн Аламышык тоосунун Түндүк жагындагы Айгыржал I, Айгыржал II, Айгыржал III археологиялык казууларда неолит дооруна, сак мезгилдерине, түрк мезгилдерине тиешелүү көрүстөндөрдөн көмүлгөн кишинин сөөктөрү менен кошо жылкы, кой-эчкинин сөөктөрүнүн табылышы, байыркы жана орто кылымдардагы Теңир-Тоону жердеген уруулардын төрт түлүк мал чарбасы менен алектенип келишкендигинин күмөнсүз далили боло алат. Кыргыздардын чарбачылыгынын коомдук мамилелерин, турмуш- тиричилигин жана маданиятын мүнөздөй турган, топтолгон тарыхый этнографиялык материалдар менен Орто Азиянын, Казакстандын белгилүү бир даражада Түштүк Сибирь менен Борбор Азиянын элдеринин тарыхый табылгаларынын окшоштуктарын эске алуу менен алардын чарбалык маданияттарынын жалпы байланыштары бар экендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек.

Этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштарды изилдөө үчүн салыштырма этнографиялык талдоо методун колдонуу туура методологиялык негизди берет. Бирок элдердин ортосундагы тарыхый-маданий байланыштардын объективдүү шарттарын эске алуу менен бирге кыргыз элибиздин башка элдерден өзгөчөлөнгөн жактарына этнографиялык талдоо жүргүзүү мезгилдин талабы. Кыргыздар кылчык жүндүү куйруктуу өңдөрү кара, боз, ак койлорду багышкан. Кыргыз койлору тоолуу өрөөндөрдүн климаттык шартында, жылдын төрт мезгилинде жайыттардан чөп алып жеп, оттоого ылайыкташкан малдын түрү. Койлор башка бодо жана ири мүйүздүү малдар менен кошо Орто Сырт, Кара-Кужур, Соң-Көл, Ак-Сай, Арпа жана Теңир-Тоонун бөксө жайлоолорунда жыл мезгилдерине жараша жаздоолордо, жайлоолордо, күздөөлөрдө, кыштоолордо кошумча тоют берилбестен жайыттарда багылган. Жаздоо – жалган куран айынын башынан баштап, чын куран айынын аягына чейин эрте кар кетип, шыбак бүрдөп, эрте көктөй турган жакынкы жайыттар жана адырлар. Кыргыздар “чөптүн жакшысы дагы шыбак, жаманы дагы шыбак” деп коюшкан. Шыбак бат көктөп, көктөгөндөн эки айга чейинки жаш кезинде малга жакшы тоют

болот. Жакшы жагы – кыштан чыккан малдын бат ирденишине шарт түзөт. Эрте жаздагы шыбак малдын ичеги-карынындагы ооруларга даба болуп, малдын организмин тазалайт. Жаман жагы – бугу айларынан баштап, кар түшкөнгө чейин шыбакты мал жебейт, тоют болбойт. Кыргыздар жазында эрте көктөп мал жайылган жерлерди “жаздоо” деп коюшат. Жайлоо – бөксө жайлоо, алыскы жайлоо болуп экиге бөлүнөт. Түндүк Кыргызстандын бийик тоолорунун беттери деңиз деңгээлине жараша күндүн жылышы менен төмөндөн жогору карай көктөп баштайт. Кыргыздардын вертикалдуу көчүү салты дагы өзүбүздүн жашаган жердин географиялык жана климаттык шартына байланыштуу калыптанган. Бөксө жайлоо бугу, кулжа айларында малга жана малдын жаш төлүнүн ирденүүсүнө ылайыктуу тоо этектери. Койчулар бугу айларында койлордун жазгы кыркымын баштаган. Бугу айында кой-козулар тоюнуп койлордун жүнү өрдөп баштайт. Жүндүн өрдөөсү, күн жылып кой-козу тоюна баштаганда жаңы жүн чыгып, эски даакы жүнү өзүнчө бөлүнүп, малдын терисинен көтөрүлө баштайт. Бул убакта койдун жүнүнө жуушаң оңой аралап кыркымчыларга жеңил болот. “Жуушаң” кой кырка турган колго жасалган кайчы. Кыргыздар кой кыркып жаткан адамдарга “Жуушаң мокосун деп” каалоо айтышкан. Бул сөз кырккан коюң арбын болсун деген маанини түшүндүргөн. Чын куран айынын орто ченинен бугу айынын орто ченине чейин жерде койго жабыша турган кенелер жанданып, көбөйүп кой-козуга жабышат. Кыркылган койлор жабышкан кенелерден арылып бат эттенип баштайт. Койлору арбын адамдарга кыркууга жамаатташ калган кошуналары жана тууган-туушкандары, жарды-жарчылар жардам беришип, эмгек акысына жүн же козу-улак алышкан. Төрт түлүк мал багуу тар жол, тайгак бел ашуулардан өтүп көчүп-конуп жүрүү жылдын төрт мезгилинде тең малчылыктагы өз ара эмгектин бөлүнүшү менен коштолгон жамааттык коллективдүү эмгекти, иш-аракетти талап кылган. Жайлоодогу айылдар тил табышкан жылуу мамиледеги өз ара тууганчылыгы бар, чарба жүргүзүүдө бирден бир кызыкчылыкты көздөгөн үй-бүлөлөрдүн коому катары түзүлгөн. Малдуу, колунда бар адамдарды “ак ичүү”, “сүт ичүү” деген максаттагы колунда жок тууган-туушкандары же болбосо ушул сыяктуу жылуу-жакын мамиледеги үй-бүлөлөр тегеректей конушуп, “саан”, “кыркын”, “төл төлдөтүү”, “мал кайтаруу” иштерине жалпы үй-бүлөсү менен жардам беришкен. Бир өрөөндөгү жайлоодогу айылдар, ошол айылдын жалпы жамааты баш ийип акылын уга турган аксакал, таасирдүү адамдардын атынан айтылган. Мисалы: Майнанын айылы, Саргашканын айылы, Атабектин айылы ж.у.с. деп аталган. Ошол айылдардагы бардык социалдык, жарды-жалчылардын, оору-сыркоолордун көйгөйлөрү, той-аштарды өткөрүү өз ара пикир келишпөөчүлүк чыр-чатактар, жайыт тандоо, көчүп-конуу убакыттары сыяктуу укуктук жана чарбалык маселелер, айыл башчысынын катышуусу менен жалпы айылдык кеңештерде чечилген. Ал эми өрөөндөгү жалпы аймактардагы жаздоо, жайлоо, кыштоо, күздөө жерлерин ээлөө маселелери болсо ошол өрөөндөгү уруу башчыларынын кеңештеринде аныкталган.

“Уруу ак сакалдары жайгашуу үчүн орунду тандаган соң, тоонун мурда анчалык көзгө көрүнбөгөн этеги ыйык түшүнүктөргө толтурулуп баштаган. Эми көчмөндөрдүн көзүнө ал Ата Мекендин жана ата-бабалардын рухуна чулганып, табияттан тышкары күчкө толтурулуп, табият алдында эбегейсиз урмат-сыйды жана кооптонууну жараткан. Көчтүн орун алуусу жана ушул аймактагы жайыттарга малды жаюуга мүмкүнчүлүк бериш үчүн журттун кожоюнунан (ээсинен) уруксат сурашкан”. (Көч ырымдары. - Б,: Mara, 2011. 9-бет). Бөксө жайлоо мезгилдеринде күн узарып, мал тоюнуп, мал кайтаруудан башка дагы күнүмдүк керектеле турган буюм-теримдерди оңдоп-түздөө, даярдоо, жаңы жасоо мезгили башталган.

Кыркылган кой жүндөрүн жууп-тазалап, сабап, тытып күнүмдүк өздөрү кийген кийимдерден баштап, эмерек жууркан-төшөктөрүнө чейин селбип оңдой башташкан.

Түндүк кыргыздардын эркек адамдары кийе турган тебетейлери дээрлик жаш козунун көрпөлөрү менен кыюуланып жасалып, жаш курагына жараша өзгөчөлөнүп турган. Айрыкча кой жүндөрүнөн көчмөндөрдүн негизги үйү болгон боз үйлөрдүн үзүк-туурдуктарын жип-шуу жасалгаларына чейин, ал эми ат жабдыктарынан тердик-көрпөчөлөрдү, куржун-каптарды даярдап жасашкан. Кой жүнү жазгы жана күзгү кыркымга байланышып, жазгы жүнү ”даакы”, күзгү жүнү “күзөм” болуп сапатына жараша экиге бөлүнгөн.

Кыргыздардын уз-саймачылары кандай жүндөн эмне жасалаарын, кайсы буюмдарга колдонуу керектигин мыкты билишкен. Койдун жүнү пайдаланылган, кол өнөрчүлүк иштерине дээрлик аялдар,

келин-кыздар, тартылышкан. Ал эми карыган байбичелер болсо акыл-кеңештерин айтышып, чыт курсак балдар кыздарга көз салып, аларга жомок, уламыштарды айтып берип алектенишкен. Бөксө жайлоодо кой-эчкинин жаш төлү, козу-улактар ирденип, кой-эчкилер тоюнуп желиндерине сүт демеп баштаган мезгили болот. Көчмөндөрдө ушул убакыттан баштап кой-эчкилерди саан өнөктүгү башталган. Бугу айынын аягынан баштап койчулар койлорду үч бөлүп кайтара башташкан. Жаш козу-улактарды өзүнчө бир, энелеринен бөлүп маал-маалы менен жайып келип көгөөндөп саанга даярдашкан. “Көгөөн” көчмөн кыргыздардагы кой-эчкилерди, козу-улактарды ар бирин өзүнчө байлай турган, илмектери бар эки учу казыктарга керилип байлана турган атайын койдун, топоздун жүнүнөн эшилип жасалган аркан. Кой-эчкилер менен козу-улактардын көгөөнү бири-бирине маңдай-тескей тургандай кылып тартылган, анткени саан убагында козу-улактарды энелери көрүп жыттап ийип, тургандай кылып тартышкан. Саан кой-эчкилерди өзүнчө бөлүп кайтарышкан, анткени саан маалында койлорду көгөөнгө айдап келиш керек болгон. Койлор мал ээсинин каалоосуна жараша, күн сайын бир же эки жолу чак түштө, жана кечинде саалган. Кой-эчки саанына көбүнчө аялдар, келиндер жана өспүрүм уул-кыздар катышкан. Аялдар, келин-кыздар кой-эчкилерди саашкан. Ал эми өспүрүм эркек балдар кой-козуларды энелерине салып тартып, көгөөндөө иштерин аткарышкан. Субай кой-эчкилерди, ириктерди, кочкорлорду (эгер белдик болбосо) өзүнчө бөлүп кайтарышкан. Анткени субай малды улам жаңы жайыттарда көп ары-бери айдай бербей “кор” кылып семиртип багып той-аштарда союуга жана күзгү чоң базарларга сатып өздөрүнүн кем-карчына алмашууга даярдашкан. Түндүк кыргыздар Анжиян, Кашкар, Үрүмчүнүн, Оштун чоң базарларына, малдарын айдап барып сатышчу. “Кор” – нык семирген малды айтат. Кээ бир жерлерде кой-эчкиси чакан койчулар, кой-эчкини жогорудагыдай үчкө бөлбөй эле аралаштырып багышкан. Кыргыздар саалып алынган кой-эчки сүттөрүнөн эң эле даамдуу тамак-аш “эжигей”, “курут”, “жуурат”, “май курут”, “май сүзмө” сыяктуу адамдын организмине өтө пайдалуу азык боло турган, сүт азыктарын даярдап, дастаркондоруна коюшуп, меймандарын сыйлашкан.

Бөксө жайлоодо, узак кыш, жазгы жут түйшүктөрүнөн кийин малчылар белдерин чечишип өздөрүнүн ден соолуктарына карап, ууз сүт-айрандарды, ууз кымыз даярдап ичишип, айыл-апага айылчылашып, өспүрүмдөр ышкын уулашып, көчүп-конуу шаанилерин өткөрө башташат. Кыштан, жуттан аман-эсен чыктык дешип кымыз “саба бузушат”, мал-жандын амандыгын тилешип кудайга, журт, жайыт ээлерине, мал пирлерине, ата-бабаларынын арбактарына сыйынышып түлөө өткөрүшкөн. Теңир-Тоолуктарда “төл башы” ооз тийүү салты болгон. Төл башы кыргыздарда баардык төрт түлүк малга карата айтылат, бирок алгачкы төл башы ооз тийүү чолпон ата тукуму койдун төлүнөн болгон. Эрте туулган эттүү багалаң козуларды союп ооз тийүү менен башталган. Түндүк кыргыздарда “төл башы ооз тийүү” үй-бүлөлүк салт. Мал ээси өзүнүн жеке менчиги болгон төл башы козусун союп, өзүнүн чоң ата, чоң энелерин, ата-энесин, уул-келиндерин, кыз-күйөөлөрүн чакырып, алдын ала өздөрү малынын төлүнөн ооз тийип, ата-бабаларынын арбактарына куран окутушуп, мал-жанына карата жакшы тилектерди тилешет.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Фрунзе, 1990
2. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. –Б., 1999
3. Асанканов А.А. Социально-культурное развитие современного киргизского сельского населения (Опыт этносоциологического иследования). –Фрунзе: Илим, 1989.
4. Каада-салттар. Ак баталар. Эл адабияты сериясы. -Т.29. -Б., 2003
5. Этносоциальные и этнокультурные процессы в Кыргызстане с древнейших времен до нашех дней. – Б.: 2007. – 388с.
6. АТД. №1
7. АТД. №2
8. АТД. №3